**Омурова Жамыйкат Орозбековнанын - "Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү" (Адистиктери: 07. 00. 02 – Ата Мекен тарыхы жана 07.00.03 – Жалпы тарых) аттуу диссертациялык ишинин кол жазмасына (кыргыз тилинде жазылган, 300 бет, Бишкек, 2020) илимий кеңешчинин**

**ПИКИРИ**

Омурова Жамыйкат Орозбековнанын диссертациялык иши учурдагы актуалдуу маселелердин бирине арналган изилөө экендиги шексиз.

Азыркы тапта аймакта жана жалпы эле дүйнө жүзүндө болуп жаткан ааламдашуу жараяны менен байланыштуу процесстер, эл аралык мамилелер, коопсуздук маселелери Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүүсүнө өз таасирин тийгизбей койбойт. Ошондуктан, изилденип жаткан иште Борбордук Азия аймагындагы коопсуздук маселелерин чечүүгө жана аны чындоого белсенген Шанхай кызматташтык уюмунун (ШКУ) ишмердүүлүгүн жана анын алкагында Кыргызстандын бул уюмдагы ордун жана ролун түпкүрүнөн карп изилдөөгө алуу негизги максат экендигин байкоого болот.

Мындан тышкары, ШКУ башка уюмдарга жана түзүмдөргө салыштырмалуу кийинчерээк эле түзүлгөн жаңы эл аралык уюм экендигине карабастан, Евразия аймагын өз кучагына алган ири, абройлуу эл аралык уюм катары аз убакыт ичинде өзүн көрсөтө алды.

Ири мейкиндикти камтыган бул уюм өз алдына чоң жана жооптуу милдеттерди коюп, аларды аткарууга жигердүү аракеттерди көрүп жаткандыгы талашсыз.

ШКУнун тарыхый өнүгүү жолу XX кылымдын аягы XXI кылымдын башына туш келип, аймактагы өткөөл мезгилиде бир катар саясий, экономикалык ж.б. тенденцияларды өз башынан өткөрдү. Ошондой болсо дагы, мүчө мамлекеттердин өз ара тыгыз кызматташуусун аракеттери менен эл аралык уюм катары толук калыптанып, учурда дүйнө коомчулугунун назарында такай турууда. Мындай жаранды башынан өткөрүү бир нече тарыхый жол менен ишке ашырылган:

Биринчиден, СССР дин кыйрашы менен байланыштуу болгон биполярдык системадан көп алкактуу системага өтүү мезгили. Постсоветтик Борбодук Азия мамлекеттери менен илгертеден коңшу жайгашкан Кытай Эл Республикасынын эки тараптуу дипломатиялык ж.б. кызматташтыгы алгачкы кезекте, чек ара маселелерин чечүү менен башталган. Чек ара маселелерин чечүү Кыргыз Республикасы менен Кытайдын атайын түзүлгөн эксперттери форматында бир нече жолу жолугушуу өткөрүп, анын натыйжасында 1996-жылы Кытайдын Шанхай шаарында Борбордук Азия республикалары жана Орусиянын катышуусунда "Шанхай бешилиги" келишимин түзүүгө жетишилген. Бул маселенин аркасында, биринчи жолу чек ара маселелери боюнча Кытай менен чектешкен Борбордук Азия Республикаларынын биргелешкен келишимдеринин түзүлүүсүнө жол ачылган.

Экинчиден "Шанхай бешилигинин" келишимдеринин кызматташуу чөйрөсү кеңейип, коопсуздук жаатындагы эки тараптуу жана ШКУ алкагында кызматташуу маанилүү маселелердин бири болуп калган.

2000-жылы бул келишимге Өзбекстандын байкоочу мамлекет статусун алуусу менен "Шанхай бешилиги" форуму түзүлүп, чектеш аймактардагы коопсуздук маселелерин чыңдоо максатында мамлекеттер аралык байланышты кеңейтүү маселеси чеилген.

Үчүнчүдөн, 2001-жылдын 15-июнунда Өзбекстан Республикасынын "Шанхай бешилиги" форумунун мүчөлүгүнө кабыл алынышы менен "Шанхай Кызматташтык уюму" түзүлгөндүгү тууралуу расмий жарыяланган. Бул уюмдун түзүлүшү эл аралык мамилелер жаатында жана дүйнөлүк саясатта катуу талкууга алынып азыркы учурга чейин бул уюм дүйнөлүк коомчулуктун к-з кырында болуу менен алардын кызыгуусун суутпай келе жатат десек туура болоор.

Ошондой эле, 2017-жылы Индия менен Пакистандын ШКУнун толук кандуу мүчөлүгүнө кабыл алынышы уюмдун аймагын кеңейтүү менен калкынын санын ого бетер көбөйтүп, таасирин күчөткөн.

Алгач ирет бул уюм Кытайдын күчтүү таасири аркасында түзүлгөн жалгыз эл аралык уюм катары кабыл алынып келсе, акыркы учурда уюмда Индия жана Пакистандын таасири тууралуу кептер жүрүүдө.

Кыргызстан ШКУнун тарыхый жаралуусунун жана өнүгүүсүнүн башатында турган мамлекеттердин бири болуп, уюмдун өнүгүүсүндө Кытай менен эки жана көп тараптуу кызматташтыкта ар дайым шериктеш, өнүктөш катары сыпатталып келет.

Учурда Кытайдын бул уюм аркылуу Борбордук Азия мамлекеттерине анын ичинде Кыргызстанга болгон таасирдүүлүгү коопсуздук, экономикалык жана маданий-гуманитардык кызматташуу жааттарында байкалууда. Мындай таасир саясат таануучулардын, эл аралык серепчилердин, аналитиктердин изилдөөлөрүндө ар тараптуу сыпатталууда. Ушул тарizден алганда Кыргызстандын ШКУ алкагындагы ишмердүүлүгүн жана анын орду менен ролун ар тараптуу жана калыс изилдөө Кыргызстандын тарыхы үчүн маанилүү маселе десек эңыдышпайбыз.

Диссертант, Омурова Жамыйкат Орозбековна илимий изилдөөсүн Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын талаптарына ылайык аткарган.

Илимий ишти аткарууда жана анда коюлган максаттар менен милдеттерге жетүүдө ар кыл маалыматтарды иргеп-талдоо менен, тарыхнаамалык бөлүктү беш параграфка бөлүп изилдөөгө алган. Ошондой эле, илимий эмгектин булактаануучулук бөлүгү дагы беш топко бөлүнүп иликтөөгө алынган.

Маселени изидөөнүн объектиси, предмети жана ыкмалары өзүнчө бөлүктө каралып, жетишээрлик түрдө маалымат берилген.

Ал эми илимий иштин негизги маселелери диссертациянын үчүнчү, төртүнчү жана бешинчи бөлүктөрүндө каралып, илимий изилдөөгө алынган. Ар бир параграфта берилген маалыматтар жана далилдерге өзүнүн илимий тыянактарын чыгарган. Ар бир бап салыштырмалуу анализ берүү менен бүтүм чыгаруу жолдору менен коштолгон.

Илимий эмгектин корутундусу изилдөөгө арналган маселелердин негизинде ирети менен берилип, пайдалуу жана жүйөөлүү сунуштар менен коштолгон.

Ошондуктан, Омурова Жамыйкат Орозбековнанын илимий эмгегин И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы докторлук диссертацияларды коргоо боюнча Д.07.18.578 Диссертациялык Кеңешинде ачык коргоого сунуш кылабыз.

**Илимий кеңешчи:**
**профессор** **А.Кылычев**